*Кыштообаева Ч.А.*

# ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНДА ТҮШҮНҮКТӨРДҮ ЖАНА ОКУУ БИЛГИЧТИКТЕРИН КАЛЫПТАНДЫРУУДАГЫ ИЧКИ БАЙЛАНЫШТАР

*Кыштообаева Ч.А.*

# ВНУТРИПРЕДМЕТНЫЕ СВЯЗИ ДЛЯ ФОРМИРОВАНИЯ НАВЫКОВ И ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ КОНЦЕПЦИЙ В ВЫСШИХ УЧЕБНЫХ ЗАВЕДЕНИЯХ

*Ch.A. Kyshtoobaeva*

# INTRA-PREDICTIONAL LINKS FOR FORMING SKILLS AND EDUCATIONAL CONCEPTS IN HIGHER EDUCATIONAL INSTITUTIONS

*УДК: 372.851*

*Предметтик ички байланыш жалпы окутуу процессин өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары болуп эсептелет. Бул процессти ишке ашыруу аркылуу студенттердин билиминин илимий деңгээлин көтөрүүгө, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн ар тараптан арттырууга, логикалык ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнө жана жалпыланган окуу ыкмаларынын туура калыптанышына жетишүүгө болот.*

***Негизги сөздөр:*** *ички байланыш, түшүнүк, байланыш, диалектика, окутуу, бирдиктүүлүк, студент.*

*Внутрипредметные связи является дидактическим условием для улучшения процесса обучения . Благодаря реализации этого процесса и усиления роста знаний студентов, а также при обобщенном подходе к развитию навыков будут достигнуты способность повышать научный уровень знаний и творчества, логического мышления студентов.*

***Ключевые слова:*** *внутрипредметные связи, понятия, связь, диалектика, обучения, единство, студент.*

*Intrasubject communication is a didactic condition for improving the learning process. Thanks to the implementation of this process and the increase in the knowledge of students, as well as with a generalized approach to the development of skills, the ability to raise the scientific level of knowledge and creativity, the logical thinking of students will be achieved.*

***Key words:*** *intrasubject connections, concepts, communication, dialectics, learning, unity, student.*

Жогорку окуу жайларында студенттерге илимий түшүнүктөрдү жана окуу билгичтиктерин калыптандыруу процесси ар кандай окуу темаларын үйрөнүү учурунда ишке ашат. Ошондуктан бул процессти ийгиликтүү ишке ашыруунун негизги шарттарынын бири окутууда ички байланышты камсыз кылуу болуп саналат.

Ички байланыш азыркы диалектика илиминде, окуу жайлардын окутуу практикасында өзгөчө орунда турат. Анткени, ал окуган студенттерге жаратылыштын, анын закон ченемдүүлүктөрүнүн бирдиктүүлүгү жөнүндө толук маалымат берет.

Окутуу процессинде предметтик ички байланыштын мазмунун жана маанисин түшүнүш үчүн, алгач анын гносеологиялык аспектин кароо ыңгайлуу. Ал болсо илимий билимдерди синтездөө, илимдерди интеграциялоо боюнча окутуунун негизинде ишке ашат.

Илимдердин жана илимий билимдердин ички биримдигинин мазмуну адамдардын конкреттүү өндүргүч ишмердүүлүгүндө б.а. алардын эмгегинде чагылдырылат. “Эмгек, – деп жазат К.Маркс, баарынан мурда адам менен жаратылыштын ортосунда аткарылуучу процесс. Адам сырткы чөйрөгө аракет жасап, аны өзгөртүү менен, ошол эле учурда өзүнүн жаратылышын да өзгөртөт.” Мында адамдын эмгегинин жаратылышы табигый илим менен коомдук илимди байланыштыраары ачык көрүнөт. Ал байланыш өндүрүш каражаттарын техникалык өнүктүрүү, б.а. техникалык илимдин негизинде ишке ашат.

Ошондуктан илимдердин байланышы өздөрүнүн областында белгилүү өзгөчөлүккө ээ, бирок себептик-натыйжалык байланышы, өз ара аракеттешүүсү, бири экинчиси аркылуу шарталышы бул илимдердин түпкү бирдиктүүлүгүн көрсөтөт. Бул болсо билимдерди синтездөө илимдердин арасындагы айырмачылыктарды көрбөстөн бири бирине кошуп жиберүү эмес, ар биринин сапаттык өзгөчөлүгүн сактоо менен бир топко бириктирүү дегенди билдирет. Илимдерди жана илимий билимдерди интеграциялоонун диалектикалык мүнөзү мына ушунда турат.

Демек студенттерди окутуунун сапатын жогорулатуу үчүн ар кандай предметтердин материалдарынын мазмунун бир бирине шайкеш келтирүү, алардын байланышына жандуу байкоо жүргүзүүнү туура уюштуруу зарылчылыгы туулат. Бул болсо окутуу процессинде предметтик ички байланышты ишке ашырууну талап кылат. Предметтик ички байланышты ишке ашырууда кыйынчылыктар объективдүү жана субъективдүү себептер менен байланышкан:

- предметтик ички байланыштарды ишке ашырууну толук камсыз кыла турган окуу планын жана программасын түзүү. Албетте, азыркы жаңы окуу программасында предметтик ички аралык байланышка белгилүү өлчөмдө көрсөтмө берет. Бирок аны ишке ашыруунун жолдору, окутууну уюштуруунун формалары толук чечилбеген бойдон калууда;

➢ предметтик ички байланыштар чагылдырылган окуу китептерди жана колдонмолорду түзүүнүн зарылдыгы;

➢ предметтик ички байланыштар окутуунун методдорунда жана окутууну уюштуруунун формаларында чагылдырылышы зарыл.

Окутуу жана тарбиялоо проблемасы бирине бири байланышпаган фактордон, билимдердин жыйындысын топтоо эмес, студенттерге системалуу билимдерди берүү, аларда жалпыланган ыкмаларды, көнүмүштөрдү калыптандыруу болуп саналат. Студенттин айрым билимдери көп болгону менен, алар системалаштырылбаса бири бирине шайкеш келбесе, бири биринен ажыратылган болсо, аларды пайдалануу да ошончолук татаал болот. Ошондуктан мындай студенттин акыл аракети чектелген боюнча калып ар кандай жагдайларда өз билимдерин пайдалана албайт, алар уюштурулган, системалаштырылган формада болуп, аны ар кандай шарттарда оңой пайдалана алат. Студенттин акыл аракетинин динамикалуулугу билимдеринин системалуулугуна көз каранды. Ал эми мындай билимдердин калыптанышына предметтик ички байланышты ишке ашыруу оң таасирин тийгизет.

Окутуу процессин натыйжалуу уюштуруу максатында А. Дистерверг окутуучуларга төмөнкүдөй көрсөтмөлөрдү сунуш кылат: “окулуучу материалдарды белгилүү баскычтарга жана өзгөчө бөлүктөргө бөлүү.

Алардын бөлүштүрүлүшү кийинки материалды үйрөнүүдө мурунку материалдарды кайталоого шарт түзгөн мазмуну боюнча тектеш болгон түшүнүктөрдү байланыштыруу. Туунду боюнча жоболорду далилдөөдө ар дайым баштапкы негизги түшүнүктөрго кайрыл жана ошолордон жыйынтык чыгарууга аракеттен ж.б.” (5177). И. Ф. Гербарт предметтик ички байланыш тууралуу төмөнкүнү: “Эгер ар түрдүү окуу предметтери бири-бири менен тиешелүү түрдө байланышса, алардын биргелешкен аракети өспүрүмдөрдү ар жактуу процесстердин көптөгөн багыттары менен кеңири тааныштыраар эле,”-деп жазат. (04:117). Ошондуктан-адамдардын билимдеринен бири-бири менен болгон байланыштарын изилдөө алардын жалпы жактарын табуу өзгөчө мааниге ээ.

Н.К.Крупская мындайча жазат: “Ар кандай тармактагы билимдерди байланышы студенттерге түшүнүктүү болууга тийиш. Алар тийиштүү предметтердин эмне үчүн окулуп жаткандыгын, анын башка предметтер менен кандайча өз ара байланышта экендигин түшүнүүлөрү зарыл” (6,18). Бул жобо предметтер арасындагы ички байланыштын теориясын иштеп чыгууга негиз болот жана анын методологиялык негизи катары кызмат кылат.Окутуу процессинде предметтик ички байланыштарды ишке ашыруу актуалдуу экендигин байкоого болот.

Предметтик ички байланыш деген эмне? Ал дидактикалык категориялардын кайсы түрүнө кирет? Бул процесcти ийгиликтүү ишке ашыруунун кандай багыттары бар жана кандай шарттары оң натыйжа берет? Мына ушул суроолорго кыскача токтололу. Предметтик ички байланыш жалпы окутуу процессин өркүндөтүүнүн дидактикалык шарттары болуп эсептелет. Бул процессти ишке ашыруу аркылуу студенттердин билиминин илимий деңгеелин көтөрүүгө, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн ар тараптан арттырууга, логикалык ой жүгүртүүсүнүн өсүшүнө жана жалпыланган окуу ыкмаларынын туура калыптанышына жетишүүгө болот.

Дидактикалык адабияттарда предметтик ички байланышты окутуунун кайсы категориясына кошуу жөнүндө ар кандай пикирлердин бар экендигин байкайбыз. Кай бирлери предметтик ички байланышты окутуу процессин өркүндөтүүнүн дидактикалык шарты десе, экинчилери өзүнчө дидактикалык принциптери катары карашат. Биз өзүбүздүн изилдөөлөрдө А.В.Усовавнын жана В.Д.Федерованын көз карашына таянуу ылайык деп эсептейбиз. Анын себеби, аталган авторлор “ внутрипредметные связи естественно-математических дисциплин” деген китептеги макалаларда бул маселе боюнча кеңири сөз кылышат. Анда өлкөбүздүн белгилүү окумуштууларынын эмгектерине таянуу менен предметтик ички байланышты дидактикалык принцип катары кароого болбой тургандыгын ачык далилдешкен.

Педагогикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй предметтик ички байланышты ийгиликтүү ишке ашыруу негизинен төмүнкү багыттарда жүрүш керек.

1. тектеш түшүнүктөрдүн материалдарын үйрөнүүнүн убактысын жана алардын удаалаштыгын тактоо.

2. түшүнүктү калыптандыруу процессинде бирдиктүүлүктү камсыз кылуу. Ал үчүн окутуучу тектеш предметтердин программасы жана окуу китеби менен тааныш болуусу, тигил же бул түшүнүктү калыптандырууга башка предметтен алынган маалыматтын тийгизген таасирин аныктоосу зарыл.

3. тектеш предметтерди окутуу учурунда калыптандырылуучу түшүнүктөрдүн мазмунун айрым окуу китептеринде интерпретацияланышынын биримдигин камсыз кылуу. Эгер ал аткарылбаса студенттердин аң сезиминде бир эле түшүнүк бир нече түргө бөлүнүп, туура эмес калыптанышы мүмкүн.

4. тектеш предметтердин негиздерин кабыл алууга керек болуучу студенттердин окуу ыкмаларын калыптандыруунун бирдиктүүлүгү. Бул негизинен студенттердин китеп менен иштөөсүн, эсептөө жана графиктер менен иштөө жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга бирдиктүү мамиле жасоо аркылуу ишке ашат.

5. студенттердин бир теманы үйрөнүүдө алган билимдерин жана окуу ыкмаларын башка темаларды үйрөнүүгө пайдаланууну камсыз кылуу.

6. ар кандай тектеш түшүнүктөрдү, окуудан алган билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу.

7. ар кандай илимдерге пайдаланылуучу изилдөө методдорунун жалпылыгын көрсөтүү (моделдерди гипотезаларды түзүү, байкоо жүргүзүү жана

эксперимент, фактыларга теориялык талдоо жүргүзүү ж.б.)

8. ар кандай тектеш илимдердин кубулуштарынын жана закондорунун диалектикалык өз ара байланышын ачуу жолу менен студенттердин диалектикалык көз карашын, аларда дүйнөнүн илимий сүрөттөлүшүн калыптандыруу .

Окуу процессинде предметтик ички байланыштыруунун ар кандай каражаттары, ыкмалары пайдаланылат. Негизги каражаттар катары: ар кандай материалдардын камтыган суроолорду, көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды, маселелерди, окуу проблемаларын ж.б. кароого болот. Ал эми айрым каражатты окутуу процессине киргизүүнүн ыкмалары катары пайдаланылуучу материалды студенттерге окутуучунун эскертүүсү, жаңы материалды түшүндүрүүнүн алдында студенттерди активдүу кабыл алууга даярдоо максатында предметтик ички мазмундагы проблемалуу суроолорду сунуш кылуу, окуу китептери менен иштөөнү уюштуруу, көрсөтмө куралдарды иллюстрациялоо ж.б.

**Адабияттар:**


1. Давыдов В.В. Виды обобщения в обучении, - М.; Просвещение, 1972.
2. Максимова Н.М. Межпредметные связи и совершенствования процесса обучения - М.: просвещение, 1984.
3. Методика в средней школе. Общая методика. – М.; просвещение 1975.
4. Главнейшие педагогические сочинения. И.Герберта в систематическом извлечении. Перевод с немецкого – М.; 1906.
5. Дистерверг А. Избранные педагогические сочинения.- М.: учпедгиз, 1956.


**Рецензент: к.п.н., доцент Стамалиева К.А.**